УДК 130.02
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-202-205

**Масылбаев Нурланбек Райымбекович**
И. Арабаев атындагы КМУнун аспиранты
**Масылбаев Нурланбек Райымбекович**
Аспирант КГУ им.И.Арабаева
**MasylbaevNurlanbekRaimbekovich**
Postgraduate student of KSU named after I.Arabaev
**e - mail:**nurlanmas2@mail.ru

# ЭГЕМЕНДҮҮ ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ДИН САЯСАТЫ
# ГОСУДАРСТВЕННАЯ РЕЛИГИОЗНАЯ ПОЛИТИКА В НЕЗАВИСИМОМ КЫРГЫЗСТАНЕ
# STATE RELIGIOUS POLICY IN INDEPENDENT KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Бул макалада эгемендүүлүккө ээ болгондон соң, Кыргыз Республикасындагы диний абал, анын саясаттагы ролу, тышкы көрүнүшү жана областтагы маселелер анализге алынат.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан, дин, саясат, мамлекеттик дин саясаты.

**Аннотация:** В статье рассматривается религиозная ситуация в Кыргызской Республике после получения независимости, анализируются нынешнее состояние существующее в этой области проблемы, и его роли в политике.

**Ключевые слова:**Кыргызстан, религия, политика, государственная религиозная политика

**Annotation:** The article discusses religious situation in the Kyrgyz Republic after independence, and its role in politics is considered, the current state of the existing problem in this area is analyzed.

**Keywords**:Kyrgyzstan, religion, politics, state religious policy

Орто Азия аймагы тарыхы бир болгону менен ар кандай образдуу десек жаңылышпайбыз. Совет доору кулагандан соң саясий, экономикалык, социалдык жагдайлар Орто Азия элдери үчүн бирдей формада эмес экендиги көрүнөт. Диндин өнүгүүсү да өзгөчө айырмаланат. Кыргызстанда Аскар Акаевдин президент болуп келүүсү менен 90-жылдардын башында башка постсоветтик өлкөлөргө салыштырмалуу диний мейкиндик дагы кеңейди десек болот. Бул тууралуу Улуу Британиянын изилдөөчү окумуштуусу Матаиса Пелкманса Кыргызстанды “ Эң ачык мусулман өлкөсү” деп белгилеген [3, 47-б.].

Эгемендүүлүккө ээ болгон соң, социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий жашоонун түп –тамырынан өзгөрүүсү жаңы социалдык талааны, жаңы шарттарды жана ислам динине кайрылууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түздү десек болот. Атайын бийлик тарабынан исламдын кайра жаралуу процесси кокусунан болгон кубулуш эмес: ислам дини улуттук маданияттын мурасы болуп, ал калктын белгилүү бир катмарында өз таасирин, коомдук кыймылдын жетекчилеринин жарым-жартылайында, ал өзүнүн мүнөзүн «элдик акылмандыкта» сактай алган. Анын функционалдык канондору бул идеяларга жана

түшүнүктөргө ылайык концепцияларды жана идеяларды көз карандысыз мамлекеттин атайын жетекчилиги, гумандуулук принциби, адамдарга акыйкат мамиле, коомдун адеп-ахлактык негиздерин бекемдөө саясатына карама-каршы келбөөсүн, ислам постулаты элдердин ортосундагы байланышты өнүктүрүүсүн, коомдук улуттар аралык жана диндер аралык мамилелерди айкалыштыруу менен макулдашылгандыгын жарыялап жана жайылта баштады. Эгемендүүлүк жылдары атайын бийлик жана диний бийлик улуттук салт менен ислам баалуулуктарын элдештирүүгө аракет жасап, ислам динин тааныштырууда элинин тарыхында маанилүү бир бөлүгү катары көрсөтүшкөн. Ислам динин руханий-маданий колдоо исламды саясатташтырууга каршы башкы бир механизм катары, өлкөдөгү коомдук-саясий туруктуулукту бекемдөө болгон.

Кыргызстандагы жана башка өлкөлөрдөгү болуп жаткан заманбап окуялар, ислам жана саясаттын, ислам жана салттуулуктун суроолорун, мамлекеттин улуттук жана руханий биримдикти бекемдөө маселелерин, анын коопсуздугун айкын ырастайт. Бул маселелер өзгөчө азыр актуалдуу болуп, Кыргызстан диний жана плюралисттик коом болуп бара жатат, диний окуулардын адеп-ахлактуу чек белгисин активдүү издөөдө, "динди саясатташтыруунун" алдын алуу үчүн коомду туруксуздаштырууга өтө коркунучтуу бир себеби катары, ислам баалуулуктарына калктын социалдык-активдүү катмары жана жаштар тарабынан кызыкчылыктын өсүүсү каралат. Ал эми бул ар кандай теория жана концепциянын негизинде комплекстүү жана эл аралык мамиленин терең окуп үйрөнүүсүн талап кылат. Диний кыймылдын жана агымдын чыныгы максаты кандай деген суроого жооп издөөгө мажбур кылат? Өлкөдөгү диний абал боюнча радикалдуу диний уюмдардын таасири кандай? Ислам салттарын кантип коомдук жана саясий кайра түзүүлөр үчүн тоскоолдуктарды болтурбастан колдонсо болот? Рухий жактан бекемдик жана массалык базасынын коомдук тынчсыздандырган маселелер, азыркы коомдук-экономикалык жана саясий өзгөрүүлөр, элинин рухий жана маданий тажрыйбасын өркүндөтүү жараяны менен өз ара жоктугуна байланыштуу тынчсыздануусун Кыргыз Республикасынын Президенти да билдирген. Бул руханий жактан өнүктүрүү азыркы коомдогу прогресс үчүн зарыл шарт болуп саналат. Кыргызстандын келечеги улуттук маданияттын кайра жаралышы менен байланыштуу, анткени, бардык адамдар үчүн, алардын каада-салтын сактап калууга умтулуусу саналат [1, 96-б.].

Ошондой эле Кыргызстанда диндин радикалдашуу тенденциясы, тактап айтканда ислам динине жамынган радикалдуу агымдардын пайда болушу жана көбөйүшүн келтирсек болот. Бул тенденция белгилүү бир мерчемде чет өлкөлөрдөн келген диний экстремисттик борборлордун жана диний окуу жайлардын таасири менен болуп келүүдө. Өз кезегинде чет өлкөлөрдүн окуу борборлорунан бүтүрүп келгендер, ошол жакта жашап келген өлкөнүн идеологиясы менен менталитетинин өкүлү жана таркатуучусу болуу менен бирге, Кыргызстан элине жат келген жашоо мүнөздү, маданиятты, сырткы кебетени, кийимди жана жүрүш-туруш үлгүсүн таратышууда. Диний чөйрөдөгү мындай өзгөрүүлөрдү карап чыгып, эгемендүүлүктү алгандан кийин жарандардын социалдык- экономикалык абалынын начарлашы, расмий идеологиянын жоктугу жана диндин өнүгүшүнө болгон либералдуу шарттардын түзүлүшүнө байланыштуу, Кыргызстанда динчилдердин жана ар түрдүү диний уюмдардын санынын утур-утур көбөйүү тенденциясы байкалганын белгилесек болот. 2013-жылдагы социологиялык сурамжылоонун жыйынтыгында суралгандардын 91%ы өздөрүн мусулман деп көрсөтүшкөн. Борбордук Азиядагы элдердин дээрлик бөлүгүнө салттуу болгондой эле, Кыргызстан үчүн да салттуу болгон сунний исламынын диний-укуктук мектеби (мазхабы) ханафий болуп эсептелинет. Ал башка мазхабдардан өзүнүн толеранттуулугу, ыңгайлуулугу, улуттук каада-

салттарды исламдын баалуулуктарына каршы койбогундугу жана мамлекет менен дин ортосундагы өнөктөш мамиленин өсүүсүнө идеологиялык негизи бар экендиги менен айырмаланат. Салттуу исламдын бул мүнөздөрү советтик мезгилдеги жүргүзүлгөн активдүү атеисттик пропагандасына карабастан, мамлекет менен чыр-чатаксыз жашап кетишине мүмкүнчүлүк берген [6].

Кыргызстандагы диний кырдаалды изилдеп жатып, өлкөнүн социалдык, экономикалык жана саясий жашоосундагы туура багытынан тышкары, диний уюмдардын өлкөгө тийгизген көйгөйлүү жактарынын таасирин да белгилей кетүү зарыл. Светтик жана диний билим берүүнү жогорулатуу маселеси өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Анын учурдагы абалы, исламдын жана башка диндердин  негиздеринин бурмаланган түшүндүрүүсүнө шарт түзүүдө. Мисалы, 2013-жылы жүргүзүлгөн социалдык сурамжылоонун натыйжасында жаштардын динден кабардар болуусунун эң төмөн көрсөткүчтө байкалганы, өлкөнүн коомдук- саясий жашоосундагы ар түрдүү көйгөйлөрүнө алып келет Ошондой эле мамлекеттик мектептердеги окуучулар, мугалимдер жана жумушчулардын ортосундагы диний кийимге (хиджаб) тийиштүү ар бир окуу жылынын башында болуп жаткан чыр-чатактар чечилбей келет [7, 22-б.].

Акыркы жылдарда Кыргызстанда мусулмандардын колдоосуна ээ болуу максатында диний баалуулуктарды саясий процесстерге колдонуу байкалып жатат. Ушуга байланыштуу кырдаалдын курчушуна жана мамлекеттин светтик мүнөзүн жоготуу кооптуулугуна алып келген исламдын мындан аркы саясатташуу коркунучу пайда болууда. Мындан тышкары саясатчылардын жана жогорку орундагы мамлекеттик кызматкерлердин саясий колдоого жетүү максатында диний уюмдардын иш-чараларына активдүү катышуулары да байкалууда. Бүгүнкү күндө жаңы мечиттерди курууда жана аларды каттоодо чечилбеген маселелер бар. Айтсак, 2015-жылдын 1-январына карата иштеп жаткан мечиттердин ичинен 500дөн көбү (20%дын тегерегинде) диний уюм катары эсептик каттоодон өткөн эмес [5, 6-б.]. Бул мечиттер КР ДИМКнын эсептик каттоосунан өтпөй туруп де-факто мыйзамсыз диний ишмердүүлүк жүргүзүп келишет. Башка өңүттөн алып караганда, мечиттердин мындай башаламан жана эселеп курулушу мусулмандардын улутуна карата бөлүнүп-жарылуу тенденциясынын пайда болушуна алып келди. Натыйжада өлкөнүн мусулмандары, кыргыз, өзбек, уйгур жана дунган мечиттерине баруучулар болуп бөлүнүшкөн. 2010-жылдын июнь окуяларынан кийин мусулмандардын ортосунда улутуна карата бөлүнүп-жарылуу күчөгөн. Кыргызстандагы диний чөйрөдөгү маанилүү болгон терс көрүнүштөрдүн бири, бул кээ бир христиан-протестанттык уюмдардын жигердүү прозелитизм (жарандарды башка динге киргизүү) мүнөзү менен алып барган ишмердүүлүгү болуп эсептелинет. Мындай уюмдардын жигердүү иш-аракетин кабылдабаган жергиликтүү калктын бир бөлүгү, алардын ишмердүүлүгүнө тоскоол болуп, аягы чыр-чатактар менен коштолгону байкалууда. Көбүнесе бул жагдайлар, өздөрүнүн динин алмаштырган жарандардын каза болгонунда, жерге көмүү зарылчылыгында пайда болот. Жергиликтүү калктан чыккан жаңы христиан-протестант агымдарынын адепттери, кээ бирлери мурун өздөрүн мусулман деп курулай гана эсептешсе, же атеист болсо деле, динден кайткан адам (муртад) катары кабыл алынат.

Кыргызстандагы диний абалдын өнүгүшүн анализдеп жатып, динди жайылтуу чөйрөсүндөгү туура багытынан тышкары, конституциялык түзүлүшкө, өлкөнүн коомдук жана мамлекеттик коопсуздугуна коркунуч туудурган деструктивдүү диний уюмдардын ишмердүүлүктөрү жана радикал-экстремисттик диний идеологиялардын каптап кетишине

байланыштуу бир катар көйгөйлүү жактар байкалып жаткандыгын да баса белгилеп кетүү керек.

Кыргызстандагы учурдагы диний кырдаалды карап чыгып, коомдогу динге болгон кызыгуунун жогорулашын жана калктын радикалдашуусунун күчөшү тез аранын ичинде дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты реформалоонун актуалдуулугун көрсөтүүдө. Башталган реформалоо жараяны мамлекеттин дин чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүүнүн негизги аспекттерин өзүнө камтыйт. Бул үчүн диний фундаментализм, радикализм жана экстремизм пикирлеринин жайылуусу менен каршы күрөшүү максатында, мамлекет өлкө мусулмандары үчүн салттуу болгон исламга колдоо көрсөтөт. Жогоруда белгилеп өткөндөй, салттуу ислам – бул өлкө мусулмандары үчүн негиз болгон Куран менен Сүннөттү кармануууда, исламга каршы келбеген жергиликтүү өзгөчөлүктү жана маданиятты тааныган дин болуп саналат. Ошондой эле социалдык маселелерди чечүүдө жана учурдагы жетишкендиктерге жигердүү катышууда б.а. илимдин, өндүрүштүн, экономиканын жана искусствонун өнүгүүсүнө салым кошууга каршы келбегендин баары акыйкат диндин жана анын салттарынын бир бөлүгү болуп эсептелинет.

Кыргызстанда ата-бабаларыбыз тарабынан кылымдардан бери тутунуп келген исламдын баалуулуктарын тагыраак түшүнүшү үчүн ушул “салттуу ислам” терминин колдонуу кажети туулуп олтурат. Бүгүнкү күндө диний саясатты ишке ашыруу боюнча калыптанган принциптер жана коюлган маселелер мамлекеттин өлкөдө светтик принцибин сактоо жана дин тутуу эркиндигин камсыздоо боюнча так багыттарын көрсөтөт [9]. Өткөрүлүп жаткан иш- чаралар жана мамлекеттин позициясы, мамлекеттик органдардын бул теңдүүлүктү сактоого жумшалган аракеттерин көрсөтүүдө. Бирок мамлекеттин кабыл алган позициясынын алкагында тынчтыкты жана туруктуулукту камсыздоо үчүн Кыргызстандагы диний кызматкерлердин жана жалпысынан жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жигердүү катышуусу жана кеңири колдоосу керек болот

**Колдонулган адабияттар:**


1. Жусупов К. Байыркынын издери. – Бишкек, 2001.96-б
2. Жусуп Баласагындын “Куттуу билими”- X-XI кылымдардагы Борбордук Азиядагы мусулмандык кайра жаралуунун күзгүсү. – Бишкек, 2016.23-б
3. Кадыров Д. От живых небес к единому полю. - Бишкек, 2013 47-б.
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 2010.
5. “Жаштар жана Ислам” аттуу социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары- нын анализи, КР Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, 2013-ж.6-б
6. “Акипресс”маалыматтык агенттигинин жаңылыгы, http://www.akipress.org, 2013-ж., сентябрь
7. КР Коргоо кеңешинин диний саясаттын Концепциясын иштеп чыгуу боюнча жумушчу тобунун материалдары, 2014-ж 22-б.
8. ИИМ Кыргызстандын Сирияга чыгып кеткен 352 жаранынын өздүгүн аныкта-ды // “КирТаг” кыргызтелеграфтыкагенттиги, 12.05.2015. http://kyrtag.kg/news/ mvd-ustanovilo-lichnosti-352-grazhdan-kyrgyzstana-vyekhavshikh-v-siriyu/
9. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат: кыргызстандагы мыйзам негиздери, концепция жана “салттуу ислам ”http://religion.gov.kg/wp-content/uploads/2016/09/gospol_rel_sfere_kg-1.pdf


**Рецензент: т.и.д. (PhD) Исмаилов А.А.**